КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«20» ноябрь 2023-жыл.* *№21/3* *Жар-Кыштак айылы.*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИНИН VII ЧАЫКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXI СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн 9 айлык аткарылышы боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн, айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 03.11.2023-жылдагы №12 протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши **токтом кылат:**

1. Республикалык бюджеттен бирдиктүү салык түрү боюнча компенсация эсебинен келген **9796,9** миң сом акча каражаты, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү болуп эсептелсин жана аны каржылоо төмөнкү беренелерге жумшалсын:

- “Аппарат бөлүмү” (70111) “сапар чыгымы” (ст.2211) беренесине 100,0 миң сом, “Машиналар жана жабдуулар” (ст.3112) беренесине 100,0 миң сом;
- «Коммуналдык чарба бөлүмүн» (70629) “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» (ст.2214) беренесине 100,0 миң сом, “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” (ст.2221) беренесине 1000,0 миң сом, “имараттар жана курулуштар” беренесине (ст.3111) 5596,9 миң сом, “Машиналар жана жабдуулар” (ст.3112) беренесине 400,0 миң сом;
- “Орто мектеп бөлүмү” (70921) “имараттар жана курулуштар” беренесине (ст.3111) 1000,0 миң сом, “Машиналар жана жабдуулар” (ст.3112) беренесине 500,0 миң сом.
- “Бала бакча бөлүмү” (70911) “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” (ст.2221) беренесине 200,0 миң сом, “имараттар жана курулуштар” беренесине (ст.3111) 200,0 миң сом, “Машиналар жана жабдуулар” (ст.3112) беренесине 100,0 миң сом.
- “Социалдык бөлүмү” (71092) “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” 500,0 миң сом.

2. Бюджеттик кирешелерге жана чыгашаларга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

3. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халилов жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш. М. Кадиркулов.**